# 2019-2020-окуу жылында аткарылган иштер

- *Мектепте тесттик борбор уюштурулуп, ар бир сабак боюнча предметтик тесттер алынып, окуучулардын билим сапаттары аныкталды, мониторинг түзүлдү.*
- *Тесттик борбор түзүлүшү менен атайын предметтик тесттердин алынышы боюнча иштер аткарылды. Электрондук тесттердин варианттары иштелип чыгуусуна даярдыктар көрүлүүдө.*
- *Окуучулардын интеллектуалдык деңгээлин жогорулатуу максатында мектепке бир катар конкрустар,таймаштар өткөрүлдү.Алсак жогорку кластар арасында "Акыл сааты", "Манас таануу",башталгыч класстар арасында "Акыл ордо" ж.б.*
- *Бүтүрүүчү кластын окуучулары ОРТ тестке даярдануу үчүн атайын курстардан өтүштү.*
- *Билим сапат боюнча УК тарбынан атайын чейректик мониторинг жүрүзүлдү.*
- *Райондук дэңгээлде откорулгон "Манас таануу" таймашында "Ак бата" командасы областтык турга катышууга жолдомо алышты.*
- *7-класстын окуучусу Туратбек кызы Айжаркын "Аракет -2020" олимпиадасында кыргыз тили предмети боюнча 2-орунга татыктуу болду.*
- *"Адам сатуу-азыркынын азабы" аталышында райондук дңгээлде иш чара болуп өттү. Иш чарага НРБББнын бөлүм башчысы, ИДН, Нарын райондук прокуратурасы жана "Нур-Жол-Бер" коомдук уюмунан өкүлдөр келип катышты.*
- *Информатика мугалими Г. Исакова мугалимдердин компьютердик сабаттуулугун жоюу максатында ар жуманын 3-күнү " Компьютердик сабаттуулук" аталышында сабак өттү.*
- *Пандемия шартында окуучуларга аралыктан сабак өтүүдө кыйынчылыктардан арылуу максатында "Гулшайы апа" кайрымдуулук фонду тарабынан 8 окуучуга жана мугалимдер тарабынан бир окуучуга уюлдук телефон алынып берилди.*
- *ОРТнын жыйынтыгы боюнча жогорку балл алган окуучуларга жана класс жетекчисине "Гүлшайы апа" кайрымдуулук фонду тарабынан стипендиялар берилди.*

    *Талайбек кызы Керемет-157 балл – 6500 сом*  
    *Бейшеналиева Кундуз-157-балл – 6500 сом*  
    *Темирбекова Бегай-148 балл – 3000 сом*  
    *Класс жетекчиси – Абдрасулова Жийдекан – 3000 сом*

- *"Энелер мектебине" Нарын областтык Казыятынан Эрик Молдогазиев келип сабак отту.*
- *Нарын орбласттык Казыятынын Казысы М. Ибраев мугалимдер жана окуучулар менен жолугушуу откорду.*
- *ОРТ тестке даярдануу максатында "СЕКОМ" билим берүү борбору менен иш алып барылды.*
- *"Баластан кубогу" кароо-сынагынын райондук областтык, республикалык турларын окуучулар катышып, областтык турунда 4-класстын окуучусу Адилетова Рабига 3-орунду, республикалык турунда 6-классынын окуучусу Эсенаалиев Нурэл 2-орунду камсыз кылып, электрондук китепче менен сыйланды.*

Сканировано с CamScanner

- *"Билимкана " олимпиадасынын областтык туруна 5 окуучу катышууга жолдомо алышты.*
- *5-8-класстар арасында резервдик олимпиада өтүлдү.*
- *Электрондук күндөлүк жана электрондук журнал ишке киргизилди.*
- *Окуучулардын талантарын өнүктүрүү максатында атайын концерттер уюштурулуп, ата-энелерге, коомчулукка тартууланды.*
- *Окуучулардын мектепке атайын, мектептен сырткары учурдагы жүрүш-туруш,адеп-ахлагын көзөмөлгө алуу үчүн командалар түзүлүп иштей баштады.*
- *"Жоокер ыры", "Мен Кыргызстандык экендигиме сыймыктанам" кароо – конкурсунда окуучулар 9 номинация боюнча райондук турга катышууга жолдомо алышты.*
- *"Энелер мектебинин" 4-5 этабы класс жетекчилер жана мугалимдер тарабынан кызуу өтүлдү, атышкан энелерге сертификаттар ыйгарылды.*
- *Мектепте көрсөткүч көрсөткөн жана окуудагы жетишкендиктерди көрсөткөн окуучуларга "Гүлшайы апа", "Аялдар кеңеши" жана "Жоодарбешим" кайрымдуулук фонду тарабынан стипендиялар берилди.*
- *Волонтёр Комада Масато мектепте англис тили боюнча ийримди жетектеди.*
- *"Коомчулуктун бала тарбиялоодогу орду" кароо-сынагына орус тили мугалими Н. Касаева катышты.*
- *Мугалимдер үчүн ар жуманын шейшемби кундөрү методикалык тренингдер өткөрүлдү.*
- *Өрөөндүк, райондук деңгээлдеги өткөрүлгөн семинарларга мугалимдер узгултүксуз катышып, курстардан алган билимдерин жайылтуу максатында метод күндөрүнедө тренинг өткөрүлүп турат.*
- *Мугалимдердин методикалык борбору уюштурулду жана бул багытта иш алып баруу үчүн башталгыч класстын мугалими, УКнын жетекчиси Т.Куленбекова бир катар алгылыктуу иштерди алып барды.*
- *Бирикме жетекчилери тарабынан мугалимдердин сабактарына катышып мониторинг жүргүзүлүп, проблемалар аныкталып, бул боюнча методикалык семинарлар өткөрүлүп келүүдө.*
- *Мугалимдердин билимин өркүндөтүү максатында Нарын шаарындагы мугалимдердин билимин өркүндөтүү борборунан бир катар мугалимдер курстан өтүштү.*
- *Сабактарга катышуу натыйжасында, көрсөткүчтөрү төмөн мугалимдерге методикалык жардамдар берилди.*
- *Усулдук кеңеш, усулдук бирикме предметтик мугалимдерди терең анализдөөдө чоң роль аткарышты.*
- *Натыйжада 7-класстын окуучусу Туратбек кызы Айжаркын кыргыз тили предмети боюнча "Аракет -2020" олимпиадасында 2-орунду камсыз кылып, смартфон менен сыйланды. Математика жана кыргыз тили предмети боюнча 7 окуучу республикалык турга катышып келишти.*

- *Мектептин материалдык базасын чыңдоо максатында айыл калкынан демөөрчүлүк кылган инсандарыбыздын саны күн санап өсүүдө.*
- *Демөөрчүлөр тарабынан акчалай жардамдар берилип, материалдык жана китептер тартууланып келүүдө:*

Сканировано с CamScanner

- айылдык кеңештин депутаты А.Исаков- Кыргыз адабияты китеби 15 шт
- айылдын тургуну Ашыров Замир-Англис тили китеби 20 шт
- мектептин курулуш ишинин башталышына Белеков Тургунаалы жана Акинаалиев Туратбек кой союп беришти.
-Ашыров Т- 4000 сом
-Токонов Элдияр-4000 сом
-Демөөрчүлөр тарабынан электрондук журнал, интернет киргизилди.
-түстүү принтер алынды
- фильтр суу киргизилди
-видео көзөмөлдөр коюлду
- ВПП ООн долбоору, демөөрчү, мугалимдер тарабынан алма бактын тосмосу жаңыртылып тосулуп, алма бактын көчөттөрү отургузулду.

- Республикалык бюджеттен 30 млн сом акча каражаты бөлүнүп, жаңы мектептин курулушу жүрүп жатат. Азыркы учурда экинчи кабатынын дубалы тургузулуп бүттү. Суукка байланыштуу курулуш иши убактылуу токтоп турат.

# 2020-2021-окуу жылында аткарылган иштер

*(январь айына чейин)*

- Сентябрь-октябрь айында жалпы 20 видео сабактар даярдалып,Билим берүү жана илим министрлигинин порталына , ютуб каналына жарыяланды.
- "Окуу керемет" долбооруна катышып, башталгыч класстын окуучулары "Менин сүйүктүү каарманым" аталышындагы конкурсуна катышып, 12 видео тартылып, соц тармактарга жарыяланды. Ушул долбоордун алкагында "Адабият күнүнө" карата жомокторду ролдоштуруп аткарып, ырларды көркөм айтып, ата-энелер менен бирдикте конкурстарды уюштурушту.
- Математика предметинин мугалими Жунушов Марлис массалык маалымат каражаты фонду тарабынан уюштурулган республикалык"Мыкты медиа сабак" конкурсу боюнча видео сабактан кызыктыруучу сыйлыктын ээси болду.
- "Манас күнүнө" карат мектеп аралык "Манас таануу" интеллектуалдык таймашы өткөрүлүп, "Манас" айтуу боюнча конкурстар өтүлдү.
- "Мугалим жөнүндө сөз" конкурсуна 3 жанрда видеолор тартылып, соц. тармактарга жарыяланды.

- Ага-Хан өнүктүрүү долбоорунун жардамынын негизинде 4 шт компьютер, 1 шт принтер, 1 шт маркердик доска берилди.

- Айыл өкмөтү жакындан жардам берүүдө:
  - №3 корпустун терезелери пластик терезелерге алмаштырылды (100000 сом)

Сканировано с CamScanner